**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ЭКОНОМИКА ЖАНА ИШКЕРДИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**К 08.15.510 ведомстволор аралык диссертациялык кеңеши**

кол жазма укугунда

УДК 338.436 (043.3)

**Ташиев Ниязали Маметибраимович**

# АЙЫЛ ЧАРБА КООПЕРАТИВДЕРИНДЕ ӨНДҮРҮШТҮН ЭКОНОМИКАЛЫК ЭФФЕКТИВДҮҮЛҮГҮН ЖОГОРУЛАТУУ (ОШ ОБЛУСУНУН МИСАЛЫНДА)

08.00.05 –экономика жана эл чарбасын башкаруу (айыл чарбасынын экономикасы) адистиги

экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Ош – 2016**

Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин бухгалтердик эсеп жана экономикалык анализ кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчиси:** экономика илимдеринин доктору, профессор **Купуев Пирмат Купуевич**

**Расмий оппоненттер:** экономика илимдерин доктору, профессор **Зулпукаров Аманкул Зулпукарович**

экономика илимдерин кандидаты, доцент **Давыдов Илхом Уктамович**

**Жетектөөчү мекеме:** С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин бухгалтердик эсеп, экономика жана менеджмент кафедрасы, Нарын шаары, С. Орозбек көчөсү, 25.

Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университети менен Экономика жана ишкердик университетинин алдындагы экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча К 08.15.510 ведомстволор аралык диссертациялык кеңешинин отурумунда 2016-жылдын 23-декабрында саат 14-00дө корголот. Дареги: 723500, Кыргыз Республикасы, Ош шаары, А. Масалиев кең көчөсү, 80.

Диссертация менен Ош мамлекеттик университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот. Дареги: Ош шаары, Ленин көчөсү, 331.

Автореферат 2016-жылдын 23-ноябрында таркатылды.

К 08.15.510 диссертациялык кеңешинин
окумуштуу катчысы
экономика илимдеринин кандидаты, доцент Кулуева Ч.Р.

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөө темасынын актуалдуулугу.** Өндүрүштүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу эң аз чыгымдар менен эң көп натыйжа алуу максатын көздөгөндүктөн, экономиканын бардык секторлорунда экономикалык өнүгүүнүн башкы маселеси болуп саналат. Кыргызстанда агрардык сектордо эффективдүү чарба жүргүзүү абдан актуалдуу, анткени республика өнүгүүнүн агрардык-индустриалдык тибин карманат.

Айыл чарба өндүрүшү өзгөчө республиканын регионддорунда негизги тармак болуп эсептелет. Ошондуктан эффективдүүлүк маселеси агрардык сектор, анын ичинде чарбаны уюштуруу формаларынын бири болгон кооперативдер үчүн абдан маанилүү. Чарба жүргүзүүнүн бул тиби диссертациялык изилдөөдө өндүрүштүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу маселеси боюнча жалпылоолорду, тыянактарды жана сунуштарды иштеп чыгуу үчүн маалыматтар жетиштүү болгон Ош облусундагы кооперативдердин мисалында каралды.

Муну менен бирге рынок шарттарында «айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалары», «өндүрүштүк чыгымдар» түшүнүктөрүнө айрым тактоолорду киргизүү талап кылынат. Мындан тышкары, айыл чарба өндүрүшүнүн экономиканын башка тектеш, айыл чарба сырьесун өндүрүүдөн баштап, даяр продукция түрүндө керектөөгө чейинки тармактары (кайра иштетүү, товар айландыруу, керектөөчүлүк товарлар рыногу ж.б.у.с.) менен өз ара байланыштарын тактап аныктоо зарыл.

Айыл чарбасындагы кооперативдик кыймылдын өзү да уюштуруу формасы катары эле эмес, натыйжалуулук көз карашынан алганда да кошумча изилдөөлөргө муктаж. Анткени республикада, анын ичинде Ош облусунда кооперативдик кыймыл кеңири жайылтылбай жатат. Мунун баары диссертациялык изилдөөнүн темасын тандоого негиз түздү.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар жана негизги илим-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин бизнес жана менеджмент факультетинин илим изилдөөлөрүнүн планына ылайык, ошондой эле «Кыргыз Республикасын 2013-2017-жылдарга туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясынын» (КРнын Президентинин №11, 21.01.2013-жылдагы Указы), «Ош облусунун 2012-2016-жылдарга экономикалык өнүгүү стратегиясы» (Обл. админ. колл. №83, 27.12.2013-жылдагы токтому) алкагында аткарылды.

**Диссертациялык иштин максаты** болуп Ош облусундагы айыл чарба кооперативдеринин мисалында өндүрүштүн экономикалык эффективдүүлүгүн жогорулатуу жолдорун, бул багытта конкреттүү сунуштарды иштеп чыгуу эсептелет. Диссертациялык иштин максатына жетүү үчүн төмөнкү **маселелерди** чечүү талап кылынат:

- өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн постсоветтик мезгилдеги экономикасынын алкагында айыл чарба өндүрүшүнүн экономикалык эффективдүүлүгүнүн илимий негиздерин изилдөө;

- айыл чарба өндүрүшүнүн эффективдүүлүгүн камсыздоонун өзгөчөлүктөрүн аныктоо жана аны өлчөө ыкмаларын тактоо;

- айыл чарбасында өндүрүштүн эффективдүүлүгү менен уюштуруу формаларынын байланыштарын изилдөөнүн негизинде кооперативдик форманын өндүрүштүн эффективдүүлүгүн жогорулатуудагы спецификасын аныктоо;

- региондогу кооперативдердин жана бүтүндөй айыл чарба өндүрүшүнүн эффективдүүлүгүнүн жетишилген деңгээлинин анализинин негизинде өндүрүштүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу резервдерин табуу;

- өндүрүштүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу фактору катары кооперативдердин уюштуруучулук түзүмүн өркүндөтүү жолдорун иштеп чыгуу;

- кооперативдерди экономиканын башка секторлору менен, ошондой эле вертикал жана горизонтал боюнча интеграциялоонун өндүрүштүн эффективдүүлүгүн көтөрүүгө шарт түзгөндөй рационалдуу жолдорун сунуш кылуу;

- кооперативдик формалардын башка формаларга, алсак, дыйкан (фермердик) чарбаларга салыштырмалуу натыйжалуулугун айыл чарба продукцияларынын айрым түрлөрүнүн мисалында аныктоо.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгын** төмөнкүлөр түзөт:

- рынок шарттарында айыл чарба өндүрүшүнүн эффективдүүлүгүнүн теориялык аспектилери натыйжа жана чыгымдар түшүнүктөрүн тактоо менен изилденди. Бул максатта өндүрүштүн эффективдүүлүгүн баалоо үчүн өндүрүлгөн айыл чарба продукциясын рынокто алмаштыруу операцияларын ишке ашыруу зарылдыгы белгиленди;

- кооперативдерде да айыл чарба өндүрүшүнүн эффективдүүлүгү натыйжалардын чыгымдарга болгон катышы менен өлчөнөт, мында натыйжа катары товардын сатып алуучулар тарабынан таанылган жана төлөнгөн керектөөчүлүк наркы кызмат кылаары такталды;

- айыл чарбасында өндүрүштүн эффективдүүлүгүн жогорулатууда негизги фондулар менен жер ресурстарын биргелешип пайдаланууга, кооператив мүчөлөрүнүн бири-бирине жардамдашуусуна жана келип чыккан көйгөйлөрдү жамаат менен чечүүгө негизделген уюштуруу формаларынын ролу аныкталды;

- теориялык талдоонун жана айыл чарбасындагы кооперативдик ишмердүүлүктүн учурдагы абалына баа берүүнүн негизинде өндүрүштүн эффективдүүлүгүн жогорулатуунун резервдери аныкталды;

- өндүрүштүн эффективдүүлүгүн жогорулатууда кооперативдик уюштуруу формаларынын мааниси жогору экендигин аныктоо менен, өндүрүштүн эффективдүүлүгүн жогорулатуунун негизги багыттары катары кооперативдерди топтоштуруу, инновацияларды кийирүү жана башка иш-чаралар сунуш кылынды;

- айыл чарбасынын экономиканын кайра иштетүү, соода жана башка тармактары менен интеграциялануусунун алга жылуу тенденциясын эске алуу менен өндүрүштүн эффективдүүлүгүн жогорулатуунун конкреттүү жолдору сунуш кылынды;

- айыл чарба продукцияларынын айрым түрлөрү боюнча дыйкан (фермердик) чарбаларга салыштырмалуу өндүрүштү уюштуруунун кооперативдик формасынын натыйжалуулугу аныкталды; автордун эсептөөлөрү боюнча кооперативдердин эффективдүүлүк коэффициенти дыйкан чарбаларга караганда 9% жогору.

**Диссертациянын практикалык мааниси.** Изилдөөдөн алынган конкреттүү жыйынтыктар өндүрүштү уюштуруунун натыйжалуу формаларын калыптандыруу, кооперативдик кыймылды жайылтуу боюнча мамлекеттик жана аймактык программаларды иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн. Бирок мында кооперативдер белгилүү шарттарда гана, алсак, жер ресурстары, мал-жандыктар, техника, ошондой эле продукция сатуу каналдары жетиштүү болсо түзүлөт. Ошондуктан, диссертацияда иштелип чыккан сунуштарды кооперативдерди калыптандыруунун конкреттүү долбоорлорун иштеп чыгууда колдонууга болот.

**Алынган натыйжалардын экономикалык мааниси.** Кооператив түзүүнүн зарыл шарттарынын бири болуп айыл чарбасын уюштуруунун ушул формасынан дыйкан (фермердик) чарбаларга караганда көбүрөөк экономикалык пайда алуу, тагыраак айтканда кооперативдерди өнүктүрүү үчүн жетишерлик киреше алуу, кооператив шарттарында эмгекке стимул түзүү, ошондой эле кооператив мүчөлөрүнүн жеке кирешелерин көбөйтүү саналат. Бирок бул үчүн кооперативдик ишмердүүлүктү жогорку деңгээлде уюштуруу эле эмес, кооператив мүчөлөрүнүн өздөрүнүн мүлкү, жер үлүштөрү менен кошо ыктыярдуу биригиши талап кылынат. Диссертациялык иште кооперативдин ар бир мүчөсүнүн акчалай туюнтулган жер же мүлк үлүшүндөгү салымына ылайык катышуу коэффициенти аныкталды, бул кооператив мүчөлөрүнүн таза кирешедеги салымын, сыйакысынын (дивиденд сыяктуу) өлчөмүн так аныктоого мүмкүндүк берет. Эмгекти уюштуруу маселесине келсек, мында жалданма жумуш пайдаланылышы мүмкүн. Бул көз караш кооперативдерде өндүрүштү уюштуруунун методологиялык базасын, ошол эле учурда изилдөөнүн экономикалык маанилүүлүгүн түздү.

**Диссертациянын коргоого алынып чыгуучу негизги жоболору.** Региондордун айыл чарбасында кооперативдерди түзүү жана жайылтуу теориясы менен тажрыйбасынын, алардын учурдагы абалынын анализинин жана алардын натыйжалуулугун көтөрүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуунун негизинде изилденип жаткан кубулуштун теориясы менен методологиясында жаңы жоболор болуп саналган жыйынтыктар алынды. Анын кыскача тыянактары үч бөлүккө топтоштурулган жоболор түрүндө коргоого алынып чыгууда:

1) теориялык бөлүмдө айыл чарба өндүрүшүнүн, тагыраак айтканда рынок шарттарында чарба жүргүзүүнүн кооперативдик формаларынын эффективдүүлүгү жөнүндө жоболор такталды, ага ылайык ишканалардын ишмердүүлүгүнүн натыйжалары өндүрүлгөн продукцияга болгон рыноктогу суроо-талаптын негизинде бааланат, ал эми чыгымдар продукцияны өндүрүүгө жана сатууга жумшалуучу бардык коомдук-зарыл чыгымдардан турат;

2) аналитикалык бөлүмдө Ош облусундагы айыл чарба кооперативдеринде өндүрүштүн эффективдүүлүгүн жогорулатуунун резервдери аныкталды. Өзгөчө басым материалдык жана каржы ресурстарынын жетишсиздигинен, жер аянттары таңкыс, же жеке менчикте болгондуктан кооперативдик ишмердүүлүктү уюштуруунун татаалдыгынан, кооперативдерге кирүү Кыргыз Республикасынын «Кооперативдер жөнүндө» мыйзамына ылайык ыктыярдуулукка негизделгендиктен улам заманбап типтеги кооперативдерди уюштуруудагы кыйынчылыктарга жасалды. Анткени менен кооперативдерди уюштуруу зарылдыгын бул ишмердүүлүктүн экономикалык пайдалуулугу айгинелейт;

3) рекомендациялык бөлүмдө кооперативдердин чыгымдар жана жыйынтыктар боюнча натыйжалуулугуна ылайык келген уюштуруу түзүмдөрү, кооперативдерди экономиканын башка секторлору менен интеграциялоонун бүтүндөй агроөнөр-жай комплексинин эффективдүүлүгүн жогорулатууну камсыз кыла тургандай багыттары иштелип чыкты. Мындан тышкары, кооперативдик ишмердүүлүктүн дыйкан чарбаларынын ушундай эле ишмердүүлүгүнө салыштырмалуу натыйжалуулугу аныкталды.

**Изденүүчүнүн жеке салымын** төмөнкүлөр түздү:

- өндүрүштүн эффективдүүлүгү көрсөткүчүн эсептөө үчүн кооперативдик ишмердүүлүктүн натыйжалары рынокто айыл чарба продукциясын сатууда суроо-талапка ылайык аныкталат, ал эми айыл чарба продукциясынын түшүмдүүлүгү жана малдын продуктулуулугу көрсөткүчтөрү салыштырма натыйжа экендиги такталды;
- өндүрүштүн эффективдүүлүгүн эсептөөгө орнотула элек жабдууларга же айыл чарба техникасына кеткен толук чыгымдарды, ошондой эле анык жумшалган өкүлчүлүк же башка чыгымдарды кошуу сунуш кылынды;
- өндүрүштүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу боюнча аргументтер жана тиешелүү эсептөөлөр менен бекемделген сунуштар иштелип чыкты.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын апробацияланышы жана ишке ашырылышы.** Изилдөөнүн негизги жоболору жана натыйжалары эл аралык, республикалык жана аймактык илимий-практикалык конференциялар менен семинарларда баяндалды. Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган жыйынтыктар Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин Түштүк аймактар аралык башкармалыгынын айрым бөлүмдөрүнүн иштелмелеринде чагылдырылды жана «Алтын өрөөн» кооперативинин уюштуруу структурасын иштеп чыгууда колдонулду.

**Публикациялар.** Диссертациянын темасы боюнча 8 илимий макала, анын ичинен 2 - ИЦРИне кирген чет элдик басылмаларда, 4 – Кыргыз Республикасынын ИЦРИге кирген журналдарында жана 2 – КР ЖАК тарабынан сунушталган илимий журналдарда жарыкка чыкты.

**Иштин структурасы.** Иштин структурасы изилдөөнүн максатына, маселелерине жана логикасына жараша аныкталды. Диссертациялык иш киришүүдөн, үч бөлүмдөн, корутундудан жана колдонулган булактардын 130 аталыштагы библиографиялык тизмесинен турат. Иштин көлөмү 187 бет, 24 таблица, 2 сүрөт бар.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Киришүүдө теманын актуалдуулугу негизделип, изилдөөнүн максаты жана маселелери, предмети жана объектиси аныкталды, илимий жаңылыгы, теорялык жана практикалык мааниси көрсөтүлдү.

Биринчи **«Айыл чарба өндүрүшүнүн экономикалык эффективдүүлүгүн жогорулатуунун теориялык-методологиялык негиздери»** бөлүмүндө айыл чарба өндүрүшүнүн экономикалык эффективдүүлүгүнүн илимий негиздери; айыл чарба өндүрүшүнүн эффективдүүлүгүн камсыздоонун өзгөчөлүктөрү жана аны өлчөө ыкмалары; айыл чарба өндүрүшүнүн уюштуруучулук формалары менен эффективдүүлүгүнүн өз ара байланышы каралды.

Өндүрүштүн экономикалык эффективдүүлүгү чарба жүргүзүүнүн бардык деңгээлдеринде нормалдуу аракеттенүүнүн негизги көрсөткүчү болуп саналат. Коомдук өндүрүштүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу кайталап өндүрүү маселелерин чечүүнү камсыз кылуу менен, керектөөнү жана топтоону (сактоону) көбөйтүүнүн башкы булагы болуп келген жана кала берет.

Өндүрүштүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу көйгөйү экономикалык ишмердүүлүктө чечүүчү мааниге ээ болуп, эффективдүүлүктүн жалпы теориясына таянат. Ага ылайык, эффективдүүлүк натыйжа менен чыгымдардын катышы аркылуу аныкталат. Өндүрүштүн эффективдүүлүгү натыйжалар максимумга, ал эми чыгымдар минимумга умтулган абалда жогорулайт.

Анткени менен бул жөнөкөй математикалык туюнтма эмес, анда өндүрүштүк жана сатуу ишмердүүлүгүнүн жүрүшүндөгү ар түрдүү өндүрүш факторлорунун татаал өз ара аракеттешүүсү чагылдырылат.

Өндүрүштүк, соода-ортомчулук жана сатуу иш-аракеттеринин бүт жыйындысы азыркы мезгилде рынок механизмин пайдалануу менен ишке ашып жаткандыктан, өндүрүштүн эффективдүүлүгү рыноктук мейкиндикте аныкталат, ал өз кезегинде рыноктук мамилелердин катышуучуларынын ортосундагы алмашуу операцияларынын географиясы жана мүнөзү менен аныкталат. Башкача айтканда, рыноктук мейкиндикте, жок дегенде эки катышуучу – продукция өндүрүүчү жана сатуучу, аны керектөөчү жана сатып алуучу болушу керек. Мындан тышкары, продукция өндүрүүчү менен

сатып алуучуларга алардын бири продукцияны өндүрүшү жана сатышы, экинчиси болсо аны сатып алышы жана керектеши үчүн ар кандай кызматтарды көрсөтүүчү көп сандаган ортомчулар болушу мүмкүн.

Мунун баары классикалык вариантта рынокто продукту менен ресурстардын айлампасынын жардамында ишке ашат, анын катышуучуларына үй чарбалары, ишканалар, эмгек рыногу, ресурстар рыногу жана өкмөт кирет. Ар бир катышуучунун өзүнүн функциялары жана кызыкчылыктары бар, жана алар бири-бири менен өз ара байланышкан үчүн өз функцияларын аткарышат.

Ошондуктан эффективдүүлүктү экономикалык ишмердүүлүктү ишке ашыруунун ар бир эсеп бирдигинин жана уюштуруучулук формасынын алкагында аныктаган максатка ылайык. Мындай формаларга жеке, үй-бүлөлүк чарбалар, кичи дыйкан (фермердик) чарбалар, айыл чарба ишканалары, фирмалар, кооперативдер, агроөнөр-жай ассоциациялары ж.б. кирет. Эсептик бирдик катары мындан тышкары аймакты, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органын жана юридикалык статуска ээ болгон ар кандай бөлүмдөрдү алууга болот. Бул физикалык жана юридикалык тараптар жүргүзгөн экономикалык ишмердүүлүктүн эффективдүүлүгүн аныктоого шарт түзөт.

Методологиялык жактан алганда айыл чарба өндүрүшүнүн эффективдүүлүгүн өлчөө үчүн алгач эффективдүүлүк көрсөткүчтөрүн аныктоо, же жок дегенде аларды эсептөө тартибин аныктоо зарыл:

1) натыйжага эмнелерди кошуу керек;

2) чыгымдарга эмнелерди кошуу керек;

3) эффективдүүлүктү эсептөөнүн алкагын, башкача айтканда кайсы чекке чейин же кандай ишмердүүлүктүн алкагында эффективдүүлүктү аныктоо керектигин билүү;

4) айыл чарба өндүрүшүнүн эффективдүүлүгүнүн көрсөткүчтөрүн аныктоо керек.

Экономикалык адабияттарда айыл чарба өндүрүшүндө натыйжалар менен чыгымдардын катышын өлчөө маселеси талаш-тартыштарды жаратып келет. Мындай талаш кандайдыр бир чарбанын белгилүү натыйжага жетишине ушул чарбанын кызматкерлери эле эмес, техника, минералдык жер семирткичтер, химиялык коргоо каражаттары ж.б.у.с. түрүндөгү өткөн чакта затташтырылган эмгек, ошондой эле прогноздук эсептөөлөрдүн негизинде аныкталган керектөөлөрдү канааттандыруу үчүн жасала турган күч-аракеттер түрүндөгү болочок эмгек катышат экендиги менен түшүндүрүлөт.

Экономикалык эффективдүүлүктү эсептөөгө кошуу үчүн чыгымдарды аныктоо жаатында да кайчы пикирлер бар. Мисалы, К. Маркс өз учурунда, эмгектин коомдук пайдалуулугун аныктоо үчүн коомдук-зарыл эмгек чыгымдарын кошуу керек деп белгилеген [Маркс К. “Капитал” - М., 1978. 11-Т. – 213-бет].

Айыл чарба өндүрүшүнүн эффективдүүлүгүн өлчөө үчүн бир катар баалоо критерийлери менен көрсөткүчтөр колдонулат. Эффективдүүлүк критерийлери менен көрсөткүчтөрүн аныктоодо жаратылыш ресурстары

менен климаттык шарттардын таасирин эске алуу керек. Айыл чарба өндүрүшүндө негизги өндүрүш каражаты катары жер да катышат. Жер менен жаратылыштык-климаттык шарттар чечүүчү рол ойнойт. Ошондуктан айыл чарба өндүрүшүнүн эффективдүүлүгү көрсөткүчтөрүнүн ичинен эмгек өндүрүмдүүлүгү көрсөткүчтөрүнөн тышкары негизги каражаттарды жана материалдык ресурстарды пайдалануу даражасы көрсөткүчтөрү өзгөчө мааниге ээ. Аларды фонд кайтарымдуулугу жана материал кайтарымдуулугу көрсөткүчтөрү мүнөздөйт.

Эффективдүүлүк критерийи болсо, айыл чарба ишмердүүлүгү бааланууучу баалоо көрсөткүчү, же чек болуп эсептелет. Негизи, критерий катары натыйжанын максимуму же чыгымдардын минимуму кызмат кылышы мүмкүн. Башкача айтканда, чарбалар жогоруда аталган эки абалга умтулууга тийиш. Анткени менен, мындай көз караштан алганда критерий жыйынтыкты эмес, иш-аракеттердин багытын көрсөтөт. Жыйынтык, биздин оюбузча, конкреттүү көрсөткүчтөр менен туюнтулушу керек.

Мындай көрсөткүч катары иш жүзүндө көбүнчө пайда көрсөткүчү колдонулат. Аны эсептөө методикасы иштелип чыккан жана реалдуу турмушта колдонууга ыңгайлуу экендигин белгилей кетүү зарыл. Бул көрсөткүч адамдардын аң-сезиминде өндүрүштүн максатын жана ага жетүүнүн, ошондой эле жыйынтыктарды алуунун жолдорун аныктоо менен байланышкан. Пайданын өлчөмү канчалык чоң болсо, чарбанын ишмердүүлүгү ошончолук ийгиликтүү деп эсептелет.

Муну менен бирге, мазмундук көз караштан алганда эффективдүүлүктүн чоңдугу пайданын өндүрүштүк чыгымдарга болгон катышын чагылдырат. Биздин оюбузча, мындай катыштын жардамында бир жылдык чарбалык ишмердүүлүктүн натыйжасын же башка чарбаларга салыштырмалуу деңгээлин аныктоого болот.

Рынок шарттарында фирмалар жана чарбалар кирешелер менен пайданы максималдаштырууга умтулушат. Алынган пайданын суммасы эффективдүүлүк тууралуу маалымат бере албайт. Ошондуктан аны жер аянтынын бирдигине карата баалоо жер иштетүүдө продукция өндүрүүнүн эффективдүүлүгүнө объективдүү мүнөздөмө берет.

Айыл чарба кооперативдеринде чыгым деп чарбалык ишмердүүлүктү жүргүзүүгө жумшалган учурдагы акча каражаттарынын чыгашалары, киреше деп – продукцияны сатуудан түшкөн каражаттар аталат. Дүң киреше кирешелер менен чыгымдардын айырмасы түрүндө, ал эми дүң кирешенин рентабелдүүлүгү – дүң киреше менен чыгымдардын пайыздык катышы түрүндө аныкталат.

Айыл чарба өндүрүшүнүн эффективдүүлүгү натыйжалардын чыгымдарга болгон катышы катары көбүнчө рыноктун, тагыраак айтканда алмашуу операцияларынын абалын мүнөздөйт. Жогоруда белгиленгендей, айыл чарба ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы товардык продукцияны акча каражаттарына, же бартер түрүндө алмашуунун натыйжасында аныкталат. Бул, өз кезегинде, суроо-талап менен сунуштун катышынан көз каранды. Ошондуктан өндүрүштүн эффективдүүлүгү рыноктогу алмашуу

операциялары менен аныкталат. Бул өндүрүштүн эффективдүүлүгүнө жетүүдө өндүрүштүк ишмердүүлүк, сатуу ишмердүүлүгү, продукцияны алга жылдыруу ж.б. бирдей катышат дегенди билдирет. Эффективдүүлүктү аныктоого комплекстик көз караш гана анын көрсөткүчтөрүн объективдүү баалоого шарт түзөт.

Өндүрүштүн эффективдүүлү көрсөткүчтөрү менен уюштуруу формаларынын ортосунда тыгыз байланыш бар. Алсак, дыйкан чарбасында жер ресурстары ченелүү болгондуктан, техника жана квалификациялуу эмгек дайыма эле өндүрүмдүү пайдаланыла бербейт. Кооперативдер прогрессивдүү форма болуп саналган менен, алардын да, өз кезегинде, артыкчылыктары жана кемчиликтери бар.

Эффективдүүлүк көз карашынан алганда кооперативдердин аракеттенүү мүнөзүнө жерге менчиктин түрү да таасирин тийгизет. Азыркы мезгилде Кыргызстанда жеке менчик басымдуулук кылган менчиктин көп түрдүүлүгү орун алган менен, анын (жеке менчиктин) укуктук нормалары сакталбай жатат. Мисалы, дыйкан жер аянтында айыл чарба ишмердүүлүгүнөн башка ишмердүүлүк менен алектене албайт. Мындан тышкары, жер сатылбайт жана сатып алынбайт, аны ижарага берүүгө жана күрөөгө коюуга гана болот.

Кооперативдердин уюштуруу формалары менен эффективдүүлүк көрсөткүчтөрүнүн өз ара байланышы тиешелүү уюштуруу деңгээлин камсыз кылат экендигин белгилей кетүү зарыл.

Бул форманы уюштуруунун башка типтери менен салыштыруу чарба жүргүзүүнүн тигил же бул формасынын эффективдүүлүгүн аныктоого шарт түзөт. Ошондуктан кооператив түзүү жөнүндө чечим саясий окуялардын, башкаруунун кандайдыр бир деңгээлинин, коомдук же башка уюмдардын каалоосунун, басымынын негизинде кабыл алынбашы керек. Кооперативдерди экономикалык натыйжага жетүү максатында гана, кооператив мүчөлөрүнүн потенциалдык мүмкүнчүлүктөрүн калкты иш менен камсыз кылуу багытында, кирешелерди көбөйтүү жана материалдык жана руханий муктаждыктарды канааттандыруу максатында түзүү зарыл.

Өндүрүштү уюштуруунун кооперативдик формаларынын кайра иштетүү жана ишмердүүлүктүн башка чөйрөлөрү менен интеграцияланышынын мааниси чоң экендигин өзгөчө белгилей кетүү керек. Кооператив бир тармактагы эле товар өндүрүүчүлөрдүн бирикмеси дегенди билдирбейт. Ал продукция өндүрүү жана сатууну уюштуруунун өндүрүштүк сырье да, кайра иштетүү да, соода да бир бүтүндүккө бириккен формасын билдирет. Бул учурда бир максатка жетүү үчүн экономиканын ар түрдүү секторлорунан ар кандай түзүмдөр менен иштешүү мүмкүнчүлүгү түзүлөт. Теория жүзүндө кооператив операцияларды бириктирүүнүн, керектөөчүлөргө продукция жеткирүү мөөнөттөрүн оптималдаштыруунун, чыгымдарды кыскартуунун ж.б.у.с. эсебинен бир топ каражаттарды үнөмдөөгө шарт түзөт.

Экинчи **«Кооперативдерде айыл чарба өндүрүшүнүн эффективдүүлүгүнүн жетишилген деңгээли»** бөлүмүндө региондогу айыл

чарбасынын өнүгүшүнө мүнөздөмө берилип; айыл чарба кооперативдеринин уюштуруу формаларынын анализи; айыл чарба кооперативдеринде өндүрүштүн эффективдүүлүгүн баалоо жүргүзүлдү.

Айыл чарба кооперативдеринин ишмердүүлүгү жалпы эле айыл чарба ишмердүүлүгү жүргүзүлгөн чөйрөдө ишке ашкандыктан, региондогу айыл чарбасынын мүнөздөмөсү чоң мааниге ээ. Мындан тышкары кооперативдердин ишмердүүлүгүнө региондогу агрардык сектордун өнүгүү тенденциясы да таасирин тийгизгендиктен, мындай мүнөздөмөнү жасоо талап кылынат.

Айыл чарбасынын жалпы мүнөздөмөлөрүнө айыл чарба жерлеринин аянты, айыл чарбасында чарба жүргүзүүчү субъектилердин саны, бир чарбага туура келген жер аянты көрсөткүчтөрү кирет (2.1.-табл.).

2.1.-таблица – 2011-2015-жж. Ош облусу боюнча айыл-чарба жерлеринин аянты, айыл-чарбасында чарба жүргүзүүчү субъектилердин саны жана бир чарбага туура келген жер аянты

| | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Айыл чарба жерлери, га – жалпы** | **1674498** | **1672623** | **1672572** | **1669465** | **1669214** |
| Айдоо | 185871 | 184763 | 184755 | 185374 | 185112 |
| Көп жылдык өсүмдүктөр | 14518 | 14428 | 14428 | 14589 | 14565 |
| Айдалбаган жер | 2469 | 2420 | 2420 | 2473 | 2473 |
| Чөп чабык | 75504 | 76016 | 75286 | 75332 | 75423 |
| Жайыттар | 1396136 | 1394996 | 1395683 | 1391697 | 1391641 |
| Чарба жүргүзүүчү субъектилердин саны, бирдик | 75352 | 79645 | 87808 | 90002 | 102275 |
| бир чарбага туура келген айыл чарба жерлеринин аянты, га | 22,2 | 21 | 19,04 | 18,5 | 16,3 |
| анын ичинен айдоо жерлери | 2,47 | 2,3 | 2,1 | 2,05 | 1,8 |

**Маалымат булагы:** автор тарабынан Ош облустук статистика башкармалыгынын маалыматтарынын негизинде түзүлдү

Жогорудагы таблицадан көрүнүп тургандай, айыл чарба жерлеринин структурасында 2015-жылы айдоо жерлери 11%, көп жылдык өсүмдүктөр – 0,9, айдалбаган жер – 0,2, чөп чабык – 4,5, жайыттар – 83,4% ээлеген.

Бул маалыматтар булардын ар биринин айыл чарбасынын дүң продукциясындагы салымын көрсөтө албайт. Мисалы, эң көп салым айдоо жерлерине туура келет, бирок анын үлүшү 1/10, ал эми жайыттарга айыл чарба жерлеринин 8/10 бөлүгү туура келген менен, аларды пайдалануу коэффициенти биздин эсептөөлөр боюнча 0,33 түзөт. Айыл чарба жерлеринин ар кандай түрлөрүнүн текши жана тең салмактуу эмес катышы чарбалардын алдына ар түрдүү багыттагы маселелерди коюуда. Алардын маңызын айыл чарба жерлерин мүмкүн болушунча натыйжалуу пайдалануу, ошондой эле чарбалардын потенциалдык мүмкүнчүлүктөрүн максималдык пайдаланууну камсыз кылуу түзөт. Бул толугу менен чарбаны уюштуруу формаларынын бири болгон кооперативдерге да толугу менен тиешелүү.

Анткени менен айыл чарба товарларын өндүрүүчүлөрдүн кооперативдерди уюштурууга мамилеси солгун экендиги белгилүү. Мунун себептери ар түрдүү. Айрым учурларда болочок кооператив мүчөлөрүнө ишенимдин жоктугунан, кээде жогору натыйжага жетүүгө ишеним артпагандан улам кооператив уюштурууга күмөн жаралат. Өз кезегинде, мындай ишенбөөчүлүккө постсоветтик мезгилдеги мамлекеттик башкаруу органдарына тийиштүү тарыхый окуялар негиз түзгөн. Алсак, мамлекеттик башкаруу органдарынын туура эмес иштеринен улам дыйкандар менен фермерлер көп жолу оор абалга туш болушкан. Алгач бул менчиктештирүү, колхоз-совхоздорду реформалоо менен байланышкан. Менчиктин көп түрдүүлүгүнүн орношу менен дыйкандар жана фермерлер толук кандуу кожоюн болушуп, бардык күч-аракеттер өздөрүнүн жыргалчылыгын камсыз кылууга багытталат деген убадалар берилген. Иш жүзүндө андай болгон жок, дыйкандар менен фермерлер оор сыноолорго туш болушту.

Кийинчерээк дыйкандар менен фермерлерге мамлекеттик колдоо көрсөтүү убадаланган. Бирок, пайыздык ставкасы жогору насыялар, же наркы рыноктогудан 1,5-2 эсе кымбат болгон натуралдык насыялар (жер семирткичтер, техника ж.б.) түрүндөгү мындай “колдоо көрсөтүү” дыйкан-фермерлерди биротоло жакырчылыкка кептеди.

Кооперативдерди жайылтууга мамлекет тарабынан кеңири колдоо көрсөтүүгө байланышкан убадалар да болгон. Ал тургай Кыргыз Республикасынын Президентинин жер-жерлерде кооперативдерди жайылтуу жөнүндө жарлыгы чыккан. Иш жүзүндө бул кыймыл кеңири жайылган жок.

Чарбалык ишмердүүлүк жүргүзүүнүн, анын ичинде кооперативдерде ишмердүүлүк жүргүзүүнүн жалпы шарттарына алардын жергиликтүү жана мамлекеттик башкаруу органдары менен мамлекеттик жөнгө салуу жана агрардык өндүрүштү аймактык уюштуруу жаатында өз ара аракеттешүүсү кирет. Мунун баары менчиктин формаларына жана башкаруунун эффективдүүлүгүнө негизделет. Анткени менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мамлекеттик жер ресурстары жана муниципалдык түрүндөгү менчик чарба жүргүзүүнүн эффективдүү системасын орнотууга өбөлгө түзбөйт, анткени аларга уруксат берилген экономикалык ишмердүүлүктүн жалгыз түрү болуп жайыттарды жана башка жер ресурстарын ижарага берүү эсептелет. Ижарага берүү пассивдүү экономикалык ишмердүүлүккө кирет, ал эми айыл өкмөттөрүндө формалдуу түрдө конкурс, аукцион ж.б.у.с. аркылуу ижарага берүүгө шарт түзгөн рыноктук талаптар сакталган менен, бул процесс көбүнчө мыйзам бузуулар жана коррупциялык схемалар менен коштолоору жашыруун эмес.

Ошондуктан айыл өкмөттөрү олуттуу пайда жана аймактык киреше алып келүүчү экономикалык ишмердүүлүк менен алектенишпейт. Мыйзам актыларында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан экономикалык ишмердүүлүк жүргүзүү каралган эмес.

Кооперативдик кыймылдын эффективдүүлүгүн баалоодо кооперативдердин уюштуруу формалары жана чарбалык ишмердүүлүк жүргүзүү принциптери чоң мааниге ээ. Көз карандысыздык жылдарында

кооперативдик кыймыл Кыргыз Республикасында, айрыкча Ош облусунда жолго салынган жок. Буга төмөнкүлөр себеп болду:

- шашылыш түзүлгөн, анын үстүнө бири-биринен узак аралыкта жашаган мүчөлөрдөн турган кооперативдерди эске албаганда, расмий түрдө уюшулган кооперативдердин ишмердүүлүгүнүн оң мисалдары болгон жок;
- кооперативдердин уставында ага кирүү жана андан чыгуу шарттары жана башка жоболор ачык айкын көрсөтүлгөн эмес;
- кооперативдердин максатын жана маселелерин иштеп чыгууда мүчүлүштүктөр болгон. Алар негизинен айыл чарба эгиндерин өстүрүүгө багытталып, сатуу жана киреше алуу, эң башкысы чыгымдардан ашкан кирешелерди бардык мүчөлөрдүн ортосунда бөлүштүрүү маселелери ачык каралган эмес;
- кооператив мүчөлөрү ага өз ыктыяры менен киргендиктен, алардын укуктары, милдеттери жана жоопкерчиликтери иштелип чыккан эмес;
- кооператив мүчөлөрүнүн анын жетекчилигине жана бири-бирине ишенимин камсыз кылуу маселеси оор болгон.

Мындан тышкары, биздин оюбузча, уюштуруу жагынан да кемчилик кетирилип, кооперативдик кыймыл жөнгө салынган эмес.

Айыл өкмөттөрү жана райондук администрациялар түрүндөгү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кооперативдерди уюштурууну өз милдеттерине кирбейт деп эсептеп, ага кызыкдар болушкан эмес.

Кыргыз Республикасынын «Кооперативдер жөнүндө» мыйзамы кабыл алынгандан бери Ош облусунда жалпысынан 14 кооператив түзүлгөн. Төмөндө айрым кооперативдердин өндүрүштүк факторлоруна мүнөздөмө берилди (2.2.-табл.).

2.2.-таблица – 01.01.2016-ж. карата Ош облусундагы кооперативдердин өндүрүштүк факторлоруна мүнөздөмө

| № | Кооператив | Өндүрүш факторлору | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Жер аянты, га | Негизги фондулары, миң сом | Жумушчуларынын саны, адам | Айланма каражаттары, миң сом |
| 1. | «Алтын Алма» АЧК | 12 | 2178,6 | 3 | 175,3 |
| 2. | «Араван кооперативи» АЧК | 55 | 1050,12 | 3 | 215,0 |
| 3. | «Араван Агро-Сервис» АЧК | 24 | 124,4 | 2 | 0 |
| 4. | «Алтын өрөөн» АЧК | 45 | 1354,0 | 3 | 397,0 |
| 5. | «Нүкөк» АЧК | 60 | 5615,0 | 6 | 565,1 |
| 6. | «Өзгөн күрүчү» АЧК | 44 | 1814,8 | 3 | 418,7 |
| **Жалпы** | | **240** | **12136,92** | **20** | **1771,1** |

**Маалымат булагы:** айыл чарба кооперативдеринин маалыматтарынын негизинде автор тарабынан түзүлдү

Айыл чарбасында өндүрүштү уюштуруунун натыйжалуулугу көбүнчө өндүрүш факторлорун мейкиндикте жана убакытта мыкты айкалыштыруудан жана бириктирүүдөн көз каранды. Мында эмгек ишмердүүлүгү башкы ролду ойнойт. Эмгек негизги каражаттарды, өзгөчө алардын айыл чарба техникалары, механизмдери ж.б.у.с. түрүндөгү активдүү бөлүгүн кыймылга келтирет.

Айыл чарба өндүрүшүн уюштурууда өндүрүү эле эмес, өндүрүлгөн продукцияны сатуу да маанилүү экендигин белгилей кетүү зарыл. Продукция сатуунун кеңири жайылган жолу болуп өндүрүүчү менен сатып алуучунун ортосунда келишим түзүү саналат, бирок сатып алуучуну табуу үчүн өзгөчө ыкмалар керек.

Ош облусундагы кооперативдердин ичинен мындай ишти уюштурууда алгачкы “карлыгач” болгон Кара-Суу районундагы «Алтын өрөөн» кооперативи кыргызстандык жана андан тышкаркы картошка жана дан сатып алуучулар менен келишим түзүүдө алгылыктуу иш-аракеттерди жасаган (2.3.-табл.).

2.3.-таблица – «Алтын өрөөн» кооперативинин 2015-ж. өнөктөштөр менен картошка, капуста, бадыраң жана жүгөрү сатууга жана үрөнүн сатып алууга түзгөн келишими

| № | Сатуу жана сатып алуу предмети | Келишим түзүүчү тарап | Саны, тонна | Келишимдин суммасы, сом |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Импала» картошкасын сатуу | «Эко-Агро», Казахстан | 45 | 1372500 |
| 2. | «Ривера» картошкасынын уругун сатуу | Дыйкан, Араван району | 16 | 432000 |
| 3. | «Ривера», «Импала» картошкасынын уругун сатып алуу | «Нүкөк» АЧК, Ноокат району | 22 | 594000 |
| 4. | Дан эгиндерин сатуу | «Саламат» ЖЧК Корпорациясы, Ош шаары | 15 | 285000 |
| 5. | Бадыраң жана капуста үрөнүн сатуу | «Араван-Агро-Сервис» АЧК, Араван району | 250 таңгак | 72000 |
| 6. | Бадыраң жана жүгөрү үрөнүн сатуу | «Араван кооперативи» АЧК, Араван району | 400 таңгак | 48800 |

**Маалымат булагы:** автор тарабынан «Алтын өрөөн» АЧКнин маалыматтарынын негизинде түзүлдү

Кооператив ишмердүүлүгүн уюштурууда кооперативдердин уюштуруу түзүмү да чоң мааниге ээ. Кооперативдердин төмөнкү түзүмү кеңири жайылган (2.1.-сүрөт).




2.1.-сүрөт - «Алтын өрөөн» айыл чарба кооперативинин уюштуруу түзүмү

**Маалымат булагы:** схема автор тарабынан «Алтын өрөөн» АЧКнин маалыматтарынын негизинде түзүлдү

Схемадан көрүнүп тургандай, башкаруу түзүмү 3 звенодон туруп, төмөнкү звено болуп Араван жана Кара-Суу райондорундагы агродүкөндөр жана айыл чарба продукциясын даярдап берүү пункттары эсептелет. Алар ортоңку звено болуп саналган сатуу бөлүмүнө баш ийишет, ал, өз кезегинде, кооператив директоруна баш ийет. Жогорку башкаруу органы болуп кооператив мүчөлөрүнүн жалпы жыйыны эсептелет. Жыйын зарыл учурларда, бир жылда экиден кем эмес жолу өткөрүлөт.

Кооперативдерде өндүрүштүн эффективдүүлүгүн баалоо үчүн ар кандай көрсөткүчтөр колдонулат. Төмөндө бир нече жылга Ош облусундагы кооперативдердеги өндүрүштүн көлөмү келтирилди (2.4.-табл.).

2.4.-таблица – 2012-2015-жж. Ош облусундагы кооперативдерде өндүрүлгөн продукция, (миң сом менен)

| № п/п | Кооператив | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | «Алтын-Алма» АЧК | 4373,0 | 6708,0 | 8047,0 | 7193,0 |
| 2. | «Араван кооперативи» АЧК | 1473, | 3481,0 | 5608,0 | 7113,0 |
| 3. | «Араван-Агро-Сервис» АЧК | 0 | 0 | 4178,0 | 6736,0 |
| 4. | «Алтын-Жер» АЧК | 3101,0 | 4804,0 | 6781,0 | 7906,0 |
| 5. | «Бай-Жер» АЧК | 12144,0 | 11391,0 | 10806,0 | 11604,0 |
| 6. | «Алтын өрөөн» АЧК | 0 | 3615,0 | 4563,0 | 6748,0 |
| 7. | «Өзгөн күрүчү» АЧК | 9172,0 | 10124,0 | 8097,0 | 9893,0 |
| 8. | «Нүкөк»АЧК | 7141,0 | 8140,0 | 8317,0 | 8981,0 |
| **Баары** | | **34303** | **48263,0** | **56397,0** | **66174,0** |

**Маалымат булагы:** айыл чарба кооперативдеринин маалыматтарынын негизинде автор тарабынан түзүлдү

Таблицадан көрүнүп тургандай, 2015-жылы бардык кооперативдер тарабынан 66174,0 миң сомдук продукция өндүрүлгөн, бул 2012-жылга салыштырмалуу 31871,0 миң сомго, же 1,9 эсеге көп.

Эффективдүүлүктү мүнөздөөчү кыйыр көрсөткүч катары айыл чарба эгиндеринин түшүмдүүлүгүнүн бир нече жылга динамикасы берилди (2.5.-табл.).

2.5.-таблица – Айыл чарба эгиндеринин кооперативдердеги жана облус боюнча орточо түшүмдүүлүгү (ц/га)


| № | Кооператив | Эгин | 2012 | | 2015 | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | кооператив-дерде | орточо облус боюнча | кооператив-дерде | орточо облус боюнча |
| 1. | «Алтын-Алма» | Алма | 52,5 | 53,9 | 55,0 | 47,4 |
| 2. | «Араван кооперативи» | Жашылчалар | 166,9 | 158,8 | 175,2 | 165,7 |
| 3. | «Алтын өрөөн» | Дан эгиндери | 21,4 | 32,5 | 28,9 | 33,0 |
| 4. | «Өзгөн күрүчү» | Күрүч | 33,6 | 32,5 | 36,2 | 33,0 |
| 5. | «Нүкөк» | Картошка | 154,5 | 152,2 | 158,4 | 153,2 |

**Булагы:** автор тарабынан КР Улуттук статистика комитетинин маалыматтарынын жана кооперативдердин бухгалтердик отчеттуулугунун негизинде түзүлдү


Айыл чарба эгиндеринин түшүмдүүлүк көрсөткүчтөрү облус боюнча жана кооперативдерде болжол менен бирдей экендиги көрүнүп турат. Алсак, жашылча, картошка жана күрүч өндүрүү боюнча 2012-жылы, 2015-жылы кооперативдердин көрсөткүчтөрү мыкты болсо, дан эгиндери боюнча, тескерисинче, облус көрсөткүчтөрү жогору.

Өндүрүштүн эффективдүүлүгү натыйжа көрсөткүчтөрү эле эмес, чыгымдар менен да мүнөздөлгөндүктөн, тигил же бул айыл чарба продукциясын өндүрүү чыгымдарынын динамикасынын анализи да чоң мааниге ээ. Анткени айыл чарба продукциясын өндүрүү чыгымдары бир топ өзгөрмөлүү. Өндүрүштүн эффективдүүлүгүнө көптөгөн факторлор таасирин тийгизет. Аларга минералдык жер семирткичтердин, күйүүчү-майлоочу майдын, өсүмдүктөрдү коргоо каражаттарынын баалары, айыл чарба жумушчуларынын эмгек акысы ж.б. кирет. Өндүрүштүн эффективдүүлүгү натыйжалар көбөйүп, чыгымдар азайганда жогорулайт. Бирок иш жүзүндө мындай абал чанда кезигет, анткени мыкты натыйжага жетүү үчүн продукциянын сапаттык мүнөздөмөлөрүн жакшыртуу, өндүрүштүн атаандаштык артыкчылыктарын түзүү үчүн чыгымдарды көбөйтүү керек болот.

Мындан тышкары, продукциянын ар кандай түрлөрү үчүн чыгымдардын түзүмү да бир топ айырмаланат (2.2.-сүрөт).




а) Алма өндүрүүгө жумшалган чыгымдар




б) Күрүч өндүрүүгө жумшалган чыгымдар

2.2.-сүрөт - Өндүрүштүк чыгымдарынын түзүмү (%)

**Маалымат булагы:** айыл чарба кооперативдеринин маалыматтарынын негизинде автор тарабынан түзүлдү

Сүрөттөн көрүнүп тургандай, изилденип жаткан мезгил аралыгында алма жана күрүч өндүрүүдө эмгек акы чыгымдары көбөйгөн, бул жумушчу күчүнүн наркынын жогорулаганын көрсөтөт. Чындыгында, иштин көлөмү көбөйгөндөн эмес, эң башкысы айыл чарба продукцияларын өндүрүү татаалдашкандан улам эмгектин баасы көтөрүлүүдө. Азыркы мезгилде айыл чарба эмгеги татаалдыгы жана квалификациясы боюнча экономиканын башка тармактарындагы эмгекке жакындашып жатат. Бирок, айыл чарба кызматкерлеринин орточо эмгек акысынын деңгээли мурдагыдай эле төмөн боюнча кала берүүдө.

Эффективдүүлүктүн жалпылоочу көрсөткүчү катары, эреже катары, рентабелдүүлүк көрсөткүчү колдонулат. Ал өндүрүштүк ишмердүүлүктү эффективдүү уюштуруу менен байланышпаган бир нече кырдаалдардан көз каранды. Мисалы, рыноктун конъюнктурасы, өндүрүмсүз чыгымдардын көлөмү ж.б. Айрым кооперативдердеги рентабелдүүлүк көрсөткүчтөрүнүн динамикасын карап көрөлү (2.6.-табл.).

2.6.-таблица – Ош облусундагы айыл-чарба кооперативдеринин 2012-2015-жылдарга рентабелдүүлүгү (%)

| № | Кооператив | Өндүрүлгөн продукция | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | «Алтын-Алма» | Алма | 38,4 | 53,4 | 39,3 | 42,4 |
| 2. | «Араван кооперативи» | Жашылчалар | 15,4 | 22,2 | -12 | 19,5 |
| 3. | «Алтын өрөөн» | Күрүч | 13,2 | 10,8 | 22,1 | 29,4 |
| 4. | «Нүкөк» | Картошка | 22,5 | 29,1 | 31,7 | 29,4 |

**Маалымат булагы:** автор тарабынан кооперативдердин бухгалтердик отчеттуулугунун маалыматтарынын негизинде түзүлдү

Таблицадан көрүнүп тургандай, рентабелдүүлүктүн эң жогорку көрсөткүчтөрүнө 2013-жылы «Алтын-Алма» кооперативи, 2014-жылы «Нүкөк» кооперативи, 2015-жылы «Өзгөн күрүчү» кооперативи жетишкен. Ошол эле учурда айрым кооперативдер, мисалы, 2014-жылы «Араван кооперативи» зыян тарткан. Рентабелдүүлүк көрсөткүчүнө туруктуу таасир тийгизүүчү факторлорго караганда кокустук мүнөздөгү ар кандай факторлор көбүрөөк таасир тийгизет. Мисалы, 2013-жылы «Алтын-Алма» кооперативиндеги жогорку рентабелдүүлүк продукциянын баасынын көтөрүлүшү менен байланышкан болсо, «Араван кооперативи» продукция өндүрүүнүн жетишсиздигинен эмес, сатуунун аздыгынан зыян тарткан.

Үчүнчү **«Айыл чарба кооперативдеринде өндүрүштүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу жолдору»** бөлүмүндө өндүрүштүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу фактору катары кооперативдердин уюштуруу түзүмүн өркүндөтүү; айыл чарба кооперативдерин интеграциялоо жолу менен өндүрүштүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу; айыл чарбасында уюштуруунун кооперативдик формаларынын эффективдүүлүгү маселелери каралды.

Кооперативдик ишмердүүлүктүн эффективдүүлүгүн жогорулатуунун уюштурууучулук факторлору кооперативдерде техниканын, технологиянын өнүккөн түрлөрүнүн, алдыңкы агротехникалык ыкмалардын жана тиешелүү стимулдардын пайдаланылышына түз же кыйыр таасирин тийгизет. Кооперативдердин ишке жөндөмдүү уюштуруу формаларын түзүү зарыл, бирок бул Ош облусунда ишке ашырылбай жатканы өкүнүчтүү.

Кооперативдик уюштуруу эффективдүү иштеши үчүн, товар өндүрүүчүлөр атаандаштык чөйрөсүндө жана рыноктук механизмдер шарттарында экономикалык пайда алуу максатында эффективдүү

өндүрүштүк жана башка ишмердүүлүк кылуу үчүн ыктыярдуу түрдө бириккендей формасын түзүүгө жетишүү зарыл. Уюштуруучулук жаатынан алганда бул кооперативдин уставын кабыл алуу менен чечилет, анда кооператив мүчөлүгүнө кирүүнүн фундаменталдык маселелери, ар бир катышуучунун ролу жана орду, чарбалык ишмердүүлүк жүргүзүүнүн шарттары, кирешелерди калыптандыруу жана пайданы бөлүштүрүү маселелери чагылдырылат.

Өндүрүштүк жана башка ишмердүүлүк профессионалдык негизде, башкача айтканда агрардык чөйрөдө иштөөнүн спецификасын билген, агротехникалык ыкмаларды өздөштүргөн, инновацияларды киргизе алган жана рыноктук кырдаалдарды анализдей алган адистер тарабынан жүргүзүлүүгө тийиш. Буга байланыштуу кооперативдерде иштөө принциби ар бир катышуучунун эмгек салымына, эмгегинин санына жана сапатына жараша орнотулууга тийиш. Бул кооперативдик ишмердүүлүктө, кооператив мүчөлөрүнөн тышкары, тиешелүү акы төлөп берүү менен жалданма эмгекти пайдалануу мүмкүн дегенди билдирет.

Ошол эле мезгилде кооператив мүчөлөрү өздөрүнүн жер жана мүлк үлүштөрү менен зарыл учурда өндүрүштүк же башка ишмердүүлүккө катыша алышпайт. Анда алар пайдадан агрардык дивиденд түрүндөгү үлүш алышы мүмкүн. Эмгекти уюштуруунун мындай гибриддик принциби чарбалык ишмердүүлүк жүргүзүүнүн эң натыйжалуу жолун тандап алууга шарт түзөт. Кооперативдик уюмдун максатын уюштуруу формасы эмес, көбүрөөк натыйжа, башкача айтканда пайда алуу түзөт. Буга өндүрүштү эмгектин прогрессивдүү формалары менен айкалыштыруунун негизинде жогорку деңгээлде уюштуруу менен, ошондой рыноктук кырдаалды эске алуу жана атаандаштыкка жарамдуулукту жогорулатуу менен жетишүүгө болот.

Мындан тышкары, өндүрүштү уюштуруунун жогорудагы тиби ар түрдүү булактардан кошумча инвестицияларды тартууга шарт түзөт.

Азыркы шарттарда өлкөнүн айыл чарба сырьесу жана азык-түлүк менен камсыздалышына айландыруу чөйрөсүнүн таасири күчөп жатат. Айыл чарба өндүрүшүнүн өнүгүшү менен соода ишканаларынын жана рынок субъектилери менен рыноктук мамилелердин катышуучулары болгон уюмдардын ролу жогорулоодо. Алмашуу операцияларынын тышкары, аталган тармактардагы ишкана-уюмдар айыл чарба продукциясын иштетүү, сорттоо, ташуу, айыл чарба тарасы, инвентарь ж.б. менен камсыздоо иштерин аткарышат.

Изилдөөлөр айыл чарбасын тейлөө жана анын продукциясын керектөөчүлөргө жеткирүү менен алектенген тармактарда эмгек чыгымдарынын үлүшү барган сайын көбөйүп жаткандыгын көрсөттү.

Айыл чарба кооперативдеринин рынок жана инфраструктура объектилери менен алака түзүү зарылдыгын негиздөө менен, бул багытта чечилбеген маселелер көп экендигин белгилей кетүү керек. Бул өзгөчө ташып жеткирүү, эсеп жүргүзүү, кабыл алуу ыкмаларына тиешелүү.

Мындан улам Ош облусундагы айыл чарба кооперативдеринин өз ара байланыштарын калыптандырууда жана өркүндөтүүдө АӨЖКнин ар бир

подкомплексинин рыноктук конъюнктурасы изилдөөнү талап кылат. Мисалы, акыркы жылдары облустун пахта подкомплексинин рыноктук позициялары атаандаштыкка жарамдуулук көз карашынан алганда начарлаган. Андыктан пахта өндүрүү боюнча рыноктук мамилелерди андан ары өркүндөтүү эки багытта жүргүзүлүүгө тийиш. Биринчиси – чийки пахтанын атаандаштыкка жарамдуулук деңгээлин жогорулатуу. Экинчиси – айыл чарба эгиндерин өстүрүүнүн альтернативдик жолдорун издөө, чийки пахтаны айыл чарба эгиндеринин башка, үнөмдүү түрү менен алмаштыруу.

Кооперативдик ишмердүүлүктүн эффективдүүлүгүн жогорулатууда мындан башка да көптөгөн иш-чаралар прогрессивдүү рол ойноору талашсыз. Аларга, мисалы, кооперативдердин стратегиялык пландарын жана иш-аракеттеринин программасын иштеп чыгуу кирет. Ошондуктан кооперативдин алкагында божомол жасоо жана перспективдүү өнүгүү тенденцияларын аныктоо маселелери жолго коюлууга тийиш. Бул алардын туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн эле эмес, жаңы шарттарга жана у лам өзгөрүп жаткан суроо-талап менен сунушка ыңгайлашуу үчүн да керек.

Булардын катарына маркетингдик ишмердүүлүктү өнүктүрүү, кайра иштетүү жана башка тармактар менен интеграциялануу да кирет.

Интеграциялык процесстердин кооперативдик ишмердүүлүктүн эффективдүүлүгүн жгорулатуудагы ролун өзгөчө белгилей кетүү зарыл. Кооперативдер тарабынан өндүрүлгөн айыл чарба продукциясынын бир бөлүгү кайра иштетилсе, калган бөлүгү рынокто сатылары белгилүү. Ошондуктан айыл чарба ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугу айыл чарбасынын кайра иштетүү жана рынок субъектилери менен интеграциялануу процесстеринен көз каранды. Мындан улам диссертациялык иште айыл чарба интеграциясынын зарылдыгы негизделди.

Кооперативдердеги продукция өндүрүүнүн жана сатуунун эффективдүүлүгү уюштуруунун башка формалары менен салыштырып караганда билинет. Мындай салыштыруу дыйкан жана фермердик чарбалар менен жүргүзүлүп, өндүрүштүн эффективдүүлүгү көрсөткүчтөрүнүн динамикасы төмөнкү таблицада берилди (3.1.-табл.).

3.1.-таблица – Өндүрүштүн эффективдүүлүгү көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүшү

| № | Көрсөткүч | Базалык мааниси | Жаңы маанилери | Айырма (+,-) |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Натыйжа (Киреше) (Н), миң сом | 6352,89 | 6476,82 | 123,93 |
| 2. | Чыгымдар (Ч), миң сом | 3227,9 | 3007,2 | -220,7 |
| 3. | Негизги фондулар (НФ) миң сом | 805,1 | 764,84 | -40,26 |
| 4. | Айланма каражаттар (АК) миң сом | 2016,5 | 1855,18 | -161,32 |
| 5. | Кадрларды даярдоо фонду (ФК) миң сом | 231,0 | 217,14 | -13,86 |
| 6. | Бөлөк чыгымдар (БЧ) миң сом | 175,3 | 170,04 | -5,26 |
| 7. | Эффективдүүлүк коэффициенти ($К_Э$=Н/Ч) же болбосо ($К_Э$=Н/НФ+АК+ФК+БЧ) | **1,97** | **2,15** | **0,18** |

**Булагы:** автор түзгөн

Эффективдүүлүк коэффициентинин өзгөрүшү: (2,15/1,97-1)*100% = 9%.

Ушундай эле жол менен эмгек өндүрүмдүүлүгү, фонд кайтарымдуулугу, материал кайтарымдуулугу, 1 сомдук продукцияга туура келген өндүрүштүк чыгымдар ж.б. көрсөткүчтөрдүн өзгөрүшүн аныктоого болот.

Демек, кооперативдерде өндүрүштү уюштуруу дыйкан чарбаларга караганда бир топ пайдалуураак. Кооперативдик кыймылды уюштуруунун негизги артыкчылыктарына айыл чарба продукциясын ички жана тышкы рынокторго чыгаруунун жолго салынышы, рыноктогу кырдаалды көрө билүү жана эмгекти жамааттык уюштуруу кирет.

## ТЫЯНАКТАР ЖАНА СУНУШТАР

Айыл чарба өндүрүшүн, кооперативдерди уюштуруунун теориялык жана методологиялык аспектилерин изилдөөнүн, ошондой эле алардын учурдагы абалынын анализинин негизинде төмөнкүдөй тыянактар чыгарылып, сунуштар иштелип чыкты.

1. Экономиканын агрардык секторундагы өндүрүштүн эффективдүүлүгүнүн маңызын жана мазмунун ачып көрсөтүүчү теориялык көз караштар аныкталды жана жалпыланды. Ал өндүрүштүн эффективдүүлүгүнүн натыйжалар менен чыгымдардын катышын аныктоого негизделген, ошондой эле натыйжалар максимумга, ал эми чыгымдар минимумга умтулган жалпы теориясына баш ийет. Бирок, биздин оюбузча, агрардык сектордо өндүрүштүн натыйжасы болуп айыл чарба эгиндеринен алынган түшүм же мал чарба продукциясы эмес, рынокто суроо-талапка ылайык сатылган айыл-чарба продукциясы саналат. Бул, өз кезегинде, айыл-чарба ишмердүүлүгүнөн киреше жана пайда алуу процессин тереӊ изилдөөнү талап кылат. Алардын чоӊдугу айыл чарба сырьесун өндүрүүдөн эле эмес, продукцияны керектөөчүлөргө жеткирүүдөн жана сатуудан көз каранды.

2. Айыл чарбасында өндүрүштүн эффективдүүлүгү салыштырмалуу чоӊдук катары экономиканын башка секторлорунан бир нече өзгөчөлүктөргө ээ. Айыл чарба ишмердүүлүгү негизинен жаратылыштык-климаттык шарттардан, айыл чарба эгиндерин өстүрүүнүн сезондуулугунан, айыл чарба продукциясын керектөөнүн сандык жана сапаттык мүнөздөмөлөрүнүн өзгөрүшүнөн көз каранды. Ошондуктан агрардык сектордо өндүрүштү рынок шарттарына ыӊгайлаштыруу экономиканын башка тармактарына караганда бир топ татаал. Мындан улам биз агрардык өндүрүштү рыноктун талаптарына шайкеш келтирүү максатында уюштурууну, өндүрүштү уюштурууга жаӊы технологияларды жана инновацияларды кийирүүнү камсыз кылуу зарыл деп эсептейбиз. Мындан тышкары, биз теориялык жааттан алганда эффективдүүлүктү аныктоого айыл чарба продукциясын өндүрүүгө жана сатууга жумшалган толук чыгымдарды кошууну максатка ылайык деп эсептөө менен, өндүрүштүн эффективдүүлүгүн эсептөө методикасына айрым тактоолорду кийирдик. Мындай көз караш айыл чарба

продукциясынын басымдуу бөлүгү жеке менчик чарбаларда өндүрүлгөн учурдагы шартка туура келет.

3. Өндүрүштүн эффективдүүлүгү белгилүү деңгээлде чарба жүргүзүүнүн уюштуруу формасынан көз каранды. Диссертацияда чарба жүргүзүүнүн башка формаларга салыштырмалуу бир топ артыкчылыктарга ээ болгон кооперативдик формасы изилденди. Кооперативдин артыкчылыктарына төмөнкүлөр кирет: башкаруунун оптималдуу түзүмдөрүн түзүү мүмкүнчүлүгү; чарбанын абалына жамааттык жоопкерчилик; жумуштардын кооперативдин алкагында адистешүүсү; экономиканын башка тармактары менен интеграциялануу мүмкүндүгү ж.б.у.с. Бирок кооперативдерди уюштуруу айыл чарба ишмердүүлүгүн жүргүзүүнүн калыптанып калган салттары менен байланышкан кыйынчылыктар; кооператив мүчөлөрүнүн бири-бирине, ошондой эле мамлекеттин атынан көмөк көрсөтүү милдети жүктөлгөн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына ишеничсиз мамилеси; продукция сатуудагы кыйынчылыктар; тиешелүү логистикалык каналдардын жоктугу ж.б.у.с. менен коштолушу мүмкүн.

4. Кооперативдердеги өндүрүштүн эффективдүүлүгүнүн жетишилген деңгээлин үч багытта мүнөздөөгө болот. Биринчиден, кооперативдердин көрсөткүчтөрү региондун (Ош облусунун) айыл чарбасынын жалпы абалы менен тыгыз байланышкан. Ага жер ресурстарын жетишсиз пайдалануу; техника-технологиянын төмөн деңгээли; минералдык жер семирткичтердин жана айыл чарбасына керектүү материалдардын кымбаттыгы; айыл чарба продукцияларын өнөр-жай жана курулуш товарларына теңсиз алмашуу сыяктуу себептерден улам салыштырмалуу төмөн эффективдүүлүк мүнөздүү. Экинчиден, кооперативдик кыймыл укуктук-ченемдик актылардын жетишсиздигинен, мамлекет тарабынан тиешелүү колдоо көрсөтүүнүн жоктугунан, өндүрүштү уюштуруунун башка формаларынан айырмаланып кооперативдердин артыкчылыктарынын айкын мисалдары аздыгынан улам кеңири жайылбай жатат. Үчүнчүдөн, кооперативдерде өндүрүштүн эффективдүүлүгү төмөн, бул өндүрүштүк ишмердүүлүккө инновацияларды кийирүүнүн начардыгы, өндүрүштү уюштуруу деңгээлинин төмөндүгү менен байланышкан.

5. Кооперативдердеги өндүрүштүн эффективдүүлүгүн жогорулатууда уюштуруу маселелери чоң мааниге ээ. Аларга белгилүү максаттарга жетүүгө умтулган жамаатты түзүү, бардык күч-аракеттерди керектөөчүлөрдүн талаптарын аткарууга багыттоо, өндүрүштү агротехниканын талаптарына ылайык уюштуруу, ошондой эле уюмга инновацияларды кийирүү, уставды, ички дисциплинаны сактоо ж.б. кирет. Буга кооператив жетекчилигинин анын мүчөлөрү менен макулдашылган иш-аракети, ишмердүүлүк натыйжаларын бөлүштүрүүнүн ачык-айкындыгы жана объективдүүлүгү өбөлгө түзөт.

6. Өндүрүштүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу чараларынын бири катары айыл чарбасын «айыл чарба сырьесун өндүрүү – акыркы керектөөчү» чынжырындагы экономиканын башка секторлору менен интеграциялоо сунуш кылынды. Интеграция, баарына мурда, кайра иштетүү, инфраструктура жана соода объектилерине тиешелүү. Экономиканын аталган секторлору менен мыкты интеграциялануу гана айыл чарба сырьесун терең кайра иштетүүдөн өткөрүп, кошумча нарктын массасын көбөйтүүгө шарт түзөт. Кооператив уюштуруу формасы катары кайра иштетүү жана соода менен биргелешкен ишмердүүлүктү түзүү жолу менен, рыноктун талаптарын терең изилдөө аркылуу интеграциялык процесске шарт түзөт.

7. Дыйкан чарбалары менен кооперативдердеги өндүрүштүн эффективдүүлүгүн салыштыруунун негизинде өндүрүштү уюштуруунун кооперативдик формасынын артыкчылыгы эсептөөлөр жолу менен далилденди.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫККА ЧЫККАН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ


1. Ташиев Н.М. Экономическая эффективность сельскохозяйственных кооперативов и их мотивация [Текст] / Н.М. Ташиев // Наука и новые технологии. – Бишкек, 2013. – №8. – 15-18-б.

2. Ташиев Н.М. Совершенствование экономических отношений членов кооперативов и взаимоотношения со структурами в региональных агропромышленных комплексах [Текст] / Н.М. Ташиев // Наука и новые технологии. – Бишкек, 2013. – №8. – 23-26-б.

3. Ташиев Н.М. Основы экономической эффективности сельскохозяйственного производства [Текст] / Н.М. Ташиев // Актуальные проблемы гуманитарных и естественных наук. – Москва, 2015. – №10-2. – 79-83-б.

4. Ташиев Н.М. Особенности обеспечения эффективности в сельскохозяйственном кооперативе и методы ее измерения [Текст] / Н.М. Ташиев // Актуальные проблемы гуманитарных и естественных наук. – Москва, 2015. – №12-3. – 135-141-б.

5. Ташиев Н.М. Экономическая эффективность сельскохозяйственного производства в условиях рынка [Текст] / Н.М. Ташиев // Известия Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии. – Бишкек, 2015. – №4. – 60-68-б.

6. Ташиев Н.М. Мотивация и экономическая эффективность сельскохозяйственных кооперативов [Текст] / Н.М. Ташиев // Известия Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии. – Бишкек, 2015. – №4. – 69-74-б.

7. Ташиев Н.М. Совершенствование организационной структуры кооперативов как фактор повышения эффективности производства [Текст] / Н.М. Ташиев // Известия вузов Кыргызстана. – Бишкек, 2016. –№1. – 67-69-б.

8. Ташиев Н.М. Пути повышения эффективности сельскохозяйственного производства в сельскохозяйственных кооперативах [Текст] / Н.М. Ташиев // Известия вузов Кыргызстана. – Бишкек, 2016. – №1. – 100-103-б.

**Ташиев Ниязали Маметибраимовичтин 08.00.05 – экономика жана эл чарбасын башкаруу адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн “Айыл чарба кооперативдеринде өндүрүштүн экономикалык эффективдүүлүгүн жогорулатуу (Ош облусунун мисалында)” деген темада даярдалган диссертациясынын**

# РЕЗЮМЕСИ

**Ачкыч сөздөр**: айыл чарбасы, өндүрүштүн эффективдүүлүгү, дыйкан, фермер, кооператив чарбалары, пайда, чыгым, негизги фонддор, жер, товар өндүрүүчүлөр жана керектөөчүлөр, интеграция, кайра иштетүү жана соода, айыл чарбасын өнүктүрүү.

**Изилдөөнүн обьектиси** болуп Ош облусунун айыл чарбасынын агрардык секторунда өндүрүштү уюштуруунун кооперативдик формаларында жүргүзүлгөн айыл чарба ишмердүүлүгү саналат.

**Изилдөөнүн предмети** болуп региондо айыл чарбасын кооперативдик формада уюштуруунун шартында өндүрүштүн эффективдүүлүгү маселелери эсептелет.

**Изилдөөнүн максаты:** Ош облусунун мисалында айыл чарба кооперативдеринде өндүрүштүн экономикалык эффективдүүлүгүн жогорулатуунун жолдорун иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн ыкмалары:** Диссертациялык иште изилдөөнүн жүрүшүндө монографиялык, аналитикалык, эсептик-конструктивдик, экономика-статистикалык, экономика-математикалык, тарыхый, салыштыруу ж.б. ыкмалар колдонулду.

**Алынган жыйынтыктар:** рынок шарттарында айыл чарба өндүрүшүнүн эффективдүүлүгүнүн теориялык аспектилери натыйжа жана чыгымдар түшүнүктөрүн тактоо менен изилденди; кооперативдерде да айыл чарба өндүрүшүнүн эффективдүүлүгү натыйжалардын чыгымдарга болгон катышы менен өлчөнөт, мында натыйжа катары товардын сатып алуучулар тарабынан таанылган жана төлөнгөн керектөөчүлүк наркы кызмат кылат экендиги такталды; теориялык анализдин жана айыл-чарбасындагы кооперативдик ишмердүүлүктүн учурдагы абалына баа берүүнүн негизинде өндүрүштүн эффективдүүлүгүн жогорулатуунун резервдери аныкталды; айыл чарбасынын экономиканын кайра иштетүү, соода жана башка тармактары менен интеграцияланууусунун алга жылуу тенденциясын эске алуу менен өндүрүштүн эффективдүүлүгүн жогорулатуунун конкреттүү жолдору сунуш кылынды; айыл чарба продукцияларынын айрым түрлөрү боюнча дыйкан (фермердик) чарбаларга салыштырмалуу өндүрүштү уюштуруунун кооперативдик формасынын натыйжалуулугу аныкталды.

**Керектөө даражасы:** Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган натыйжалар Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин түштүк аймактар аралык башкармалыгынын бир катар бөлүмдөрүнүн иштелмелеринде жана “Алтын өрөөн” кооперативинин уюштуруу структурасын түзүүдө колдонулду.

**Колдонуу чөйрөсү:** Изилдөөнүн негизги жоболору жана натыйжалары өндүрүштү уюштуруунун эффективдүү формаларын, алсак, кооперативдерди калыптандыруу боюнча мамлекеттик жана аймактык программаларды иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн.

## РЕЗЮМЕ

**диссертации Ташиева Ниязали Маметибраимовича на тему "Повышение экономической эффективности производства в сельскохозяйственных кооперативах (на примере Ошской области)" на соискание ученой степени кандидата экономических наук по специальности 08.00.05 – экономика и управление народным хозяйством**

**Ключевые слова:** сельское хозяйство, эффективность производства, крестьянские, фермерские, кооперативные хозяйства, прибыль, затраты, основные фонды, земля, потребители и производители товара, интеграция, переработка и торговля, развитие сельского хозяйства.

**Объектом исследования** является сельскохозяйственная деятельность, осуществляемая в кооперативных формах организации производства аграрного сектора Ошской области.

**Предметом исследования** являются вопросы эффективности производства в условиях кооперативных форм организации сельского хозяйства в регионе.

**Цели исследования:** разработка путей повышение экономической эффективности производства в сельскохозяйственных кооперативах на примере Ошской области.

**Методы исследования:** В диссертационной работе в ходе исследования применялись такие методы и приемы, как монографический, аналитический, расчетно-конструктивный, экономико-статистический, экономико-математический, исторический, сравнительный и др.

**Полученные результаты:** исследованы теоретические аспекты эффективности производства в сельском хозяйстве в условиях рынка с уточнением понятий результата и затрат; установлено, что эффективность производства сельского хозяйства в условиях кооперативов также измеряется отношением результатов к затратам; на основе современного состояния кооперативной деятельности в сельском хозяйстве определены резервы повышения эффективности производства; учитывая прогрессивную тенденцию интеграции сельского хозяйства с отраслями переработки, торговли и другими секторами экономики, рекомендованы конкретные меры повышения эффективности производства; определена эффективность кооперативной формы организации производства по сравнению с крестьянскими (фермерскими) хозяйствами применительно к отдельным видам сельскохозяйственной продукции.

**Степень использования:** Полученные в ходе исследования результаты нашли отражение в разработках ряда отделов Южного межрегионального управления Министерства экономики Кыргызской Республики и использованы при разработке организационной структуры кооператива «Золото долины».

**Область применения.** Основные положения и результаты исследования могут быть использованы при разработке государственных и региональных программ по формированию эффективных форм организации производства, к которым относятся кооперативы.

**SUMMARY**

**on dissertation of Tashiyev Niyazali Mametibraimovich on "Increasing of economic efficiency of production in the agricultural cooperatives (Osh Oblast example )" for the degree of candidate of economic sciences on specialty 08.00.05 - economics and management of national economy.**

**Keywords**: agriculture, production efficiency, peasant, farmer, cooperative farms, profits, expenses, fixed assets, land, consumers and producers of goods, integration, processing and trade, the development of agriculture.

**The object of research** is the agricultural activity carried out in co-operative forms of organization of production of the agricultural sector of agriculture, Osh oblast.

**The subject of research** are the questions the efficiency of production in the conditions of cooperative forms of agricultural organizations in the region.

**Objectives of the study:** to develop ways to improve the economic efficiency of production in the agricultural cooperatives by the example of the Osh region.

**Methods:** The thesis used the analytical, historical, logical, economic statistics, monographs, computational and structural and comparative methods.

**Results:** The theoretical aspects of production efficiency in agriculture under market conditions with the specification of concepts results and costs; It found that the efficiency of agricultural production in the conditions of co-operatives as measured by the ratio of benefits to cost; based on the current state of the cooperative activities in agriculture identified reserves of increase of efficiency of production; given the progressive trend of integration of agriculture with the processing industries, trade and other sectors of the economy, recommended specific measures to improve production efficiency; The efficiency of the cooperative form of organization of production in comparison with the private (peasant) farms with regard to certain types of agricultural products.

**Use level:** The results obtained in the study, the results were reflected in the development of a number of departments of the Southern inter-regional department of the Ministry of Economy of the Kyrgyz Republic, and used in the development of the cooperative "Golden Valley" organizational structure.

**Application area.** Substantive provisions and results of the study can be used in the development of state and regional programs for the development of effective forms of organization of production, which include co-operatives.